| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br>**НООКЕН РАЙОНУ**<br>**БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVII – сессиясынын

Жаңы-Арык айылы **№ 12 – Т О К Т О М У** 16-февраль 2023-жыл

**“Бүргөндү айыл өкмөтүнүн Кызыл-Кыя айылынын тургуну М.Кулмурзаевдин кайрылуусун кароо жөнүндө”**

Бүргөндү айыл өкмөтүнүн Кызыл-Кыя айылынын тургуну М.Кулмурзаевдин Майлуу-Суу дарыясынын Кызыл-Кыя айылынын жогорку аймагындагы сайдын жээгинен шагыл, кум таш алууга макулдук берүү боюнча тиешелүү чечим кабыл алып берүү жөнүндөгү кайрылуусун угуп жана талкуулап Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVII – сессиясы

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Бүргөндү айыл өкмөтүнүн Кызыл-Кыя айылынын тургуну М.Кулмурзаевдин Майлуу-Суу дарыясынын Кызыл-Кыя айылынын жогорку аймагындагы сайдын жээгинен шагыл, кум таш алууга макулдук берүү боюнча тиешелүү чечим кабыл алып берүү жөнүндөгү кайрылуусу эске алынсын.

2. Айыл өкмөттүн аймагындагы жергиликтүү калктын курулуш иштери үчүн керектелген таш кум жана шагыл менен камсыздоо, чакан жана орто ишкердикти өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү максатында Майлуу-Суу дарыясынын Кызыл-Кыя айылынын жогорку аймагындагы сайдын жээгинен 15,0 га жер аянтын узак мөөнөттүү келишим менен ижара түрүндө иштетүүгө макулдук берилсин.

3. Суралган жер аянтын ажыратып берүүдө жер тилкесинин тиешелүү иш кагаздарын, ижара келишимин мыйзам чегинде жүргүзүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы З.Арстанбековго милдеттендирилсин.

4. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бүргөндү айылдык кеңешинин Финансы, бюджет экономика, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ө. Калмуратовко милдеттендирилсин.

**Бүргөндү айылдык**
**кеңешинин төрагасы:** ____________ **Б. Кубатов**